DOI:10.26104/IVK.2019.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 10, 2019

*Азимбаев Б.*

# ТУРДАКУН УСУБАЛИЕВДИН БАТКЕН ОБЛУСУНУН БҮРГӨНДҮ ӨРӨӨНҮН ӨНҮКТҮРҮҮГӨ КОШКОН САЛЫМЫ

*Азимбаев Б.*

# ВКЛАД ТУРДАКУНА УСУБАЛИЕВА В РАЗВИТИЕ БУРГАНДИНСКОЙ ДОЛИНЫ БАТКЕНСКОЙ ОБЛАСТИ

*B. Azimbaev*

# THE CONTRIBUTION OF TURDAKUN USUBALIEV TO THE DEVELOPMENT BURGANDI VALLEY OF BATKEN AREA

*УДК: 947.1.(575.2)43.3.*

*Макалада Турдакун Усубалиевдин Бүргөндү өрөөнүн өздөштүрүүдөгү саясий-партиялык ишмердүүлүгү жөнүндө баяндалат. 1973-жылы Бүргөндү өрөөнүн өздөштүрүү үчүн чоң суммадагы каражат бөлүнүп, өрөөндү өздөштүрүү иштери башталат. Өрөөндү өздөштүрүүдө Кыргызстан КП БКнын биринчи катчысы Тердакун Усубалиев чоң салымын кошкон. Мамлекеттик, партиялык саясий ишмер Усубалиев Турдакун Усубалиевич мамлекетибиздин өнүгүшүнө өзгөчө салым кошкон. Ал өзүнүн эмгек жолун Кочкор районунун Кочкор айылында мугалим, директордун окуу иштери боюнча орун басары болуп, иштөөдөн баштаган. Ал кыргыз мамлекеттик педагогика институтун бүтүргөн. ВКП(б) БКнын алдындагы жогорку партиялык мектебин аяктаган. Москвадагы В.И. Ленин атындагы педагогикалык институтун бүтүргөн. Тарых илимдеринин кандидаты илимий даражасына ээ болгон. Кыргызстан Улуттук илимдер академиясынын ардактуу академиги болгон. 1961-жылдан 1985-жылга чейин Кыргызстан КП БКнын биринчи секретары болуп иштеп турганда Кыргызстанда эл чарбасын реформалоо башталган. Реформа алгачкы жылдары жакшы натыйжаларды берген. Өнөр жайы тез темп менен өнүгүп баштаган. Көмүр, сурьма, сымап, түстүү металлдар, Кадамжай сурьма комбинаты, Айдаркен сымап комбинатынын продукциясы дүйнөлүк рынокто жогору бааланып 40 мамлекетке экспорттолгон.*

***Негизги сөздөр:*** *уюштуруучулук, мамлекеттик, партиялык, саясий, ишмердүүлүк, натыйжа, гүлдөгөн аймак, айылдар, мектептер, жетекчи, мамлекет башчы.*

*В статье описывается политическая и партийная деятельность Турдакуна Усубалиева в освоении Бургандинской долины. В 1973 году была выделена крупная сумма денег на развитие Бургандинской долины и началось освоение долины. Усубалиев Турдакун Усубалиевич внес значительный вклад в развитие нашей страны, начал свою карьеру в селе Кочкор Кочкорского района, учитель, заместитель директора по учебной работе. Окончил Кыргызский государственный педагогический институт. Окончил Высшую партийную школу при ЦК ВКП (б). Окончил Педагогический институт имени В.И. Ленина в Москве. Имеет ученую степень кандидата исторических наук. С 1961 по 1985 года, когда он был первым секретарем Центрального комитета Коммунистической партии Кыргызстана, в Кыргызстане начались экономические реформы, которые в первые годы дали хорошие результаты. Продукция завода по производству ртути высоко ценится на мировом рынке и экспортируется в 40 странах.*

***Ключевые слова:*** *организационная, государственная, партийная, политическая, деятельность, результат, процветающий регион, деревни, школы, руководитель, глава страны.*

*The article describes the political and party activities of Turdakun Usubaliev in the development of the Burgundy Valley. In 1973, a large sum of money was allocated for the development of the Burgundy Valley and the development of the valley began. Usubaliev Turdakun Usubalievich made a significant contribution to the development of our country, began his career in the village of Kochkor, Kochkor district, teacher, deputy director for educational work. He graduated from the Kyrgyz State Pedagogical Institute. He graduated from the Higher Party School under the Central Committee of the All-Union Communist Party of Bolsheviks. He graduated from the Pedagogical Institute by name of V.I. Lenin in Moscow. He holds a degree of candidate of historical Sciences. From 1961 to 1985, when he was the first secretary of the Central Committee of the Communist Party of Kyrgyzstan, economic reforms began in Kyrgyzstan, which in the first years yielded good results. The products of the mercury plant are highly regarded in the world market and exported to 40 countries.*

***Key words:*** *organizational, state, party, political, activity, result, prosperous region, villages, schools, leader, head of the country.*

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



Турдакун Усубалиев – улуу инсан. Үстүбүздөгү жылы 100 жылдыгы белгиленүүчү коомдук-саясий ишмердин өрнөктүү өмүрү, басып өткөн эмгек жолу бүтүндөй кыргыз элине үлгү. Мамлекеттик деңгээлде белгиленүүчү бул салтанатка карата, Президент Сооронбай Жээнбеков атайын буйрукка кол коюп, тарых барактарында кийинки урпактарга өрнөк болуучу улуу инсандын мааракесин мамлекеттик деңгээлде белгиленишин жарыялады.

Мамлекеттик партиялык, саясий ишмер Усубалиев Турдакун Усубалиевич мамлекетибиздин өнүгүшүнө өзгөчө салым кошкон. Ал 1919-ж. Нарын облусунун Кочкор районундагы Кочкор кыштагында туулган. Өзүнүн эмгек жолунда 1938-1941-жылдары Кочкор кыштагында мугалим, окуу иштери боюнча директордун орун басары болуп иштеген. 1941-жылы Кыргыз мамлекеттик педагогикалык институтун бүтүргөн. 1945-жылы ВКП БКанын алдындагы жогорку партиялык мектепти аяктаган. 1965-жылы Москвадагы В.И. Лелин атындагы педагогикалык институтунун бүтүргөн. 1977-жылы тарых илимдеринин кандидаты даражасына ээ болгон. 2009-жылы Кыргызстан Улуттук илимдер академиясынын ардактуу академиги, 2013-жылы КУУ жана БГУнун ардактуу профессору Кыргыз-Түрк "Манас" унверситетинин доктору болгон.

Саясий ишмердигине токтолсок, 1941-жылы партиянын Кочкор райкомунда бөлүм башчы орун басары, 1941-1945-жылдары Кыргызстан КП БКнын инструктору, 1945-1955-жылдары КПСС БКнын инструктору, 1955-1956-жылдары Республикалык "Советтик Кыргызстан" гезитинин редактору болуп иштеген. 1956-1958-жылдары Кыргызстан КП БКнын бөлүм башчысы 1958-1961-ж. Кыргызстан КП Фрунзе шаар коомунун биринчи секретары кызматтарында эмгектенген. 1961-жылдан 1985-жылга чейин Кыргызстан КП БКнын биринчи секретары болуп турган. 1985-жылдан ардактуу эс алууга чыккан.

Турдакун Усубалиевдин жетекчилиги менен Кыргызстандын экономикасы, илим, маданият жана искусство, айыл-чарба, жол транспорт, медицина, билим берүү, жалпы эл чарба тармагы дүркүрөп өскөн. Кыргызстан агрардык өлкөдөн индустриялык өлкөгө айланган. Ирригация системасы жалпы мамлекет боюнча өнүгүп, сугат тармактары калыптандырылган.

Айрыкча, суу байлыгы оң пайдаланылып, Кыргызстандын тарыхында зор роль ойногон электр тармактары өнүгүп, дүйнөлүк масштабда баа берилген уникалдуу ГЭСтер курулуп анын ичинде эң чоң Токтогул ГЭСи курулуп, электр линиялары тартылган. Толуу өлкөбүздүн ар бир айылына электр жарыгы берилген. ГЭСтердин курулушу менен оор жана жеңил өнөр жай өнүгүп, кубаттуу ири заводдор курулуп, миңдеген адамдар жумуш менен камсыз болгон. Эң башкысы калктын жашоо турмушун жакшыртуу, илим-билимдүү жаштардын өсүп чыгышы, Кыргызстан компартиясынын катарын өстүрүү жана чыңдоо багыттары боюнча зор иш-чаралар жүргүзүлгөн.

XX кылымдын 1950-жылдардан баштап Бүргөндүгө суу чыгаруу жөнүндө эл оозунда көбүрөөк сөз боло баштаган. Бирок, СССРдин мезгилинде бардык чоң курулуштар Москвада, КПСС БКда гана чечилчү. 1960-жылдардын башында эле Бүргөндү жөнүндө республикалык деңгээлде сөз жүрүп, эл дуулдап "ана курулушу башталат экен, мына башталат экен", - деген сөз көбөйгөн.

Ошол кезде Бүткүл союздук гана эмес, дүйнөлүк жана чоң суу дамбанын бүтүшү менен Нарындын суусу деңизге айланып, суу астында 30 миң гектардан ашык сугат жана дың жер калат экен. Бул тууралуу 1968-жылы комунисттик партиянын Ош обкомунун биринчи катчысы болуп келген. Кыргыздын чыгаан уулдарынын бири Султан Ибраимович Ибраимов мындай деген: "Нарын дарыясынын бөгөлүшү менен 24-айыл-кыштактар, 18 миң гектар сугат, 16 миң гектар дың жер суу астында кала турган болду. Ошончо аянттагы жердин бөксөсүн облусттун башка дың жерин өздөштүрүү менен толуктоо милдети келип чыкты. Биз караштырып жүрүп, Фрунзе районундагы Бүргөндүдөгү дың жерин өздөштүрүү менен көйгөйдү чечсе болот экен деген жыйынтыкка келишкен". Ошентип, Ош обкому менен облусттук аткаруу комитети Бүргөндүнү өздөштүрүү сунушу менен Кыргызстан КП БКнын 1-катчысы Т.Усубалиевге кайрылышкан. Облусттун жетекчилеринин жогорудагы сунушун Кыргызстан КП БКнын Биринчи катчысы Турдакун Усубалиев жана Кыргызстан Министрлер Совети колдоп чыккан.

Өз кезегинде Кыргызстан КП БК менен Министрлер Совети ушундай сунуш менен КПСС БКга жана СССР Министрлер Советине кайрылган. Адегенде Москвадагылар мынчалык чоң курулуш үчүн акча каражаты бөлүнүшү мүмкүн эмес, көптүк кылат дешкен. Маселе КПСС БКнын генералдык катчысы Леонид Ильич Брежневге чейин жетет. Л.И. Брежневге бул сунушту алып киришкенде ал "Да если надо дать", - деп эки ооз эле сөз менен Бүргөндүнүн миң жылдап ишке ашпаган тагдырын чечип койгон экен. Кыскасы, чоң казынадан акча 1973-жылы бөлүнөт.

Бүргөндүнү өздөштүрүү маселеси чечилет. Эми алдыда дагы бир тоскоолдук турган. Ал Көк-Дарыя-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



нын (Сох) суусунун бир бөлүгүн канал аркылуу Бүргөндүгө буруугa жол табуу маселеси өтө орчундуу болгон. Себеби суу маселеси Москвадан гана чечилиш керек болгон. Көк-Дарыянын дээрлик 99%ын Өзбекстан пайдаланып келген. Демек, өзбек туугандар чоң каналга суу берүүгө жөн эле макул боло коюшпаган. Ошентип, СССРдин суу чарба министри Ташкентке келип, Көк-Дарыянын суусунун 8%ын Кыргызстанга бересиңер деген чечимин билдирет.

Ошентип, бардык тоскоолдуктар, көйгөйлөр чечилип, Бүргөндүгө суу алып чыгуу жана дың жерлерди өздөштүрүү, айыл-кыштактарды куруп, элди көчүрүп келүү иштери башталып, социалдык, маданий мекемелер курула баштайт.

Бүргөндүнүн өздөштүрүү ишинин тагдыры Кыргызстан КП БКнын жана Кыргыз ССР министрлер Советинин 1973-жылдын 11-июнундагы биргелешкен токтому чыккандан кийин биротоло чечилген. Аталган токтомдо Нарын дарыясы бөгөлүп, Токтогул суу сактагычы курулуп бүткөндүгүнө байланыштуу жаңы суу сактагычты сууга толтуруу жана Токтогул районундагы чарбалардын айрымдарын буга байланыштуу кайрадан түзүү, алардын андан ары өнүгүшүнө шарт түзүү жагы каралган.

Токтогул суу сактагычы сууга толтурулуп, 20-30 миң гектардын айланасындагы жердин суу астында калганына байланыштуу, Ош облусунун башка райондорунун аймагынан ушунча көлөмдөгү жаңы жерди өздөштүрүү зарылдыгы көрсөтүлгөн. Мындай дың жер Фрунзе районундагы (азыркы Кадамжай району) Бүргөндү өрөөнү экендиги белгиленген.

1973-жылы Бүргөндү өрөөнүн өздөштүрүү боюнча Кыргызстан КП БК төмөнкүдөй токтом кабыл алат. (Токтомдун түп нускасы орус тилинде болгондуктан, кыргыз тилине которулбай берилди). Бүргөндү өрөөнүн өздөштүрүү боюнча токтомдун көчүрмөсү гана берилди.

Обязать Министерство сельского хозяйства Киргизской ССР и Ошский облисполком организовать в 1973 годы на базе орошения земель Бургандинского массива из реки Сох один совхоз виноградно-хлопководческого направления с передачей ему 3 и 4 отделении совхоза «Кадамжай».

- Поручить Управлению геологии Киргизкой ССР провести в 1973 году обследование Бургандинского массива бурением скважин на воду с целью определения наличия подземных вод для орошения и пробурить 5 скважин для обеспечения вновь организованного совхоза питевой водой.
- Обязать Министерство сельского хозяйства Киргизской ССР и Киргизский научно-исследовательский институт земледелия укрепить производственную базу и расширить научно-исследовательские работы опорного пункта на Бургандинском массиве с тем, чтобы в 1973 году вдать рекомендации по размещению посевов, подбору сортов, введению севооборов и агро техники культур на массиве орошение.
- Поручить министерству меллиорации и водного хозяйства Киргизской ССР в 1973 году приступить к строительству магистрального канала из реки Сох.
- Обязать Министерство сельского хозяства Киргизской ССР осуществить в 1973-1974 годах строительство объектов вновь организуемого совхоза на Бургандинском массиве.

Поручить Министерству сельского хозяйства Киргизкой ССР построить в 1973 году в этом совхозе 50 домов типа ЗЩ-37 и Главкиргизколхозстрою 3 дома типа ОЩ-60 и 26 домов типа ЗЩ-37.

Госплану, Министерству финансов, Министерсво сельского хозяйства Киргизской ССР, Киргизглавснабу и Республиканскому обьединению «Киргизсельхозтехника» рассмотреть и решить вопросы о лимитах капитальных вложений, источниках финансирования материально- технического снабжения для строительства вышее указанных обьектов в 1973 году. а вопросы дальнейшего строительства совхоза решить с планом на 1974 г.

**ЦК КП Киргизии Совет Министров**
**Киргизской ССР [3, 18-б.].**

«Бүргөндү совхозун уюштуруу жөнүндө совхоздун башкы инженери А.Арипов мындай деп эскерет: Эсимде 1973-жылдын жаз айлары эле. Фрунзеден (Бишкек шаары) кубанычтуу кабар келди. Кыргызстан КП БК менен Кыргыз ССР Министрлер Советинин 1973-жылдын 11-июнунда №261 кошмо топтому чыгып, анда Бүргөндү өрөөнүн өздөштүрүү үчүн Бүргөндү совхозун уюштуруу каралыптыр. Ошондон үч күн өтпөй партиянын Фрунзе райкомунун биринчи катчысы Дадан Султанов Актурпак айылына келди. Бүргөндү совхозун уюштуруу керек экендигин элге жарыя кылды. Ал кезде биздин суу бою айылдары «Кадамжай» совхозунун №4-бөлүмү, Айдаркен тарап №3-бөлүмдөрү болгон. Ушул эки бөлүмдүн базасында Бүргөндү совхозу уюшулду. Жаңы Бүргөндү совхозунун №1-бөлүмүнө 6 айыл Кичик-Айдаркен,

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



Эшме Жаңыкоргон, Жал, Ормош кыштактары кирди. №2-бөлүмгө болсо Сырт, Сур, Чечме, Моло кыштактары кошулган. Ал эми, №3-бөлүм суу боюндагы Өтүкчү, Кызыл-Коргон, Сары-Камыш, Актурпак, Чоңгара, Галча-Чогорок айылдарынан түзүлгөн.

Ушул эле жыйында Фрунзе райкомунун биринчи катчысы Дадан Султанов ысымы элге белгилүү инсан Орун Абдырахмановду жаңы совхоздун директору деп элге жарыялады. Буга чейин Орун Абдырахманов «Кадамжай» совхозунун директору болуп иштеп келген. Бүргөндү өрөөнүн өздөштүрүү демилгесинин башында тургандардын бири партиянын Ош обкомунун биринчи катчысы Султан Ибраимович Ибраимов болгон. Жарыктык ал киши башка жооптуу иштеринин көптүгүнө карабастан Бүргөндүнү бир күн да көңүлдөн чыгарбаган. Бүргөндү чөлкөмүн өздөштүрүүнү тездетүү максатында Султан Ибраимович облаткаруу комитетинин председатели Темирбек Кошоевге «Сиз Темирбек Кудайбергенович, Бүргөндүнү өздөштүрүү боюнча начальник снабженестин ролун аткарасыз» дегенин өз кулагым менен уккамын. Бул ишке түздөнтүз облаткаруу комитетинин председателин жооптуу кылуу ишке канчалык жооптуу экендиги көрүнүп турат. Бул сөздү мен жаңы совхоздун башкы инженери катары көп жолу пайдаландым [3, 21-б.].

Бүргөндү өрөөнүн өздөштүрүүдө Кыргызстан КП БКнын биринчи катчысы Т.Усубалиев жаңы совхоз уюшулгандан кийин, совхоздун жумушчулары менен, райондун, облустун жетекчилери менен жолугуп көп насааттарын айтып турган.

1975-жылдын апрелинде Турдакун Усубалиевич Усубалиев Бүргөндүгө келип, эгин талааларын кыдырып көрүп, жер шарты менен таанышкандан кийин ал киши «Жериңер шагалдуу экен, ишке келтирүү үчүн үч-төрт жыл беде себүү керек. Беде урук жагынан биз жардам беребиз деген. Ошондой эле, Бүргөндүнүн бир бийигирээк жерине имарат салып койгула, жердин көркү болоорун айткан. Көп убакыт өтпөй Айдаркен сымап комбинаты келишимдүү дача имаратын куруп берген. Ал жер көпкө келген-кеткендер үчүн эс алуучу жай кызматын өтөдү. Усубалиев келгенден көп өтпөй бизге 32 тонна беде уругу жеткирилди. Ушул кезде өздөштүрүлгөн жер бир жарым миң гектарга жеткен эле.

Ошентип, 1975-жылы 800 гектар жерге беде уругу себилип, беде ушунчалык эгиз өнүп чыкты дейсиз, кең талаа деңиздей көйкөлүп жатып калды. Бардыгыбыз ишибиздин ийгилигине маңдай жарыла сүйүндүк. Райкомдун биринчи секретары Муктар Нургазиев элге көрсөтүп, тажрыйба алмашуу максатында райондун бардык колкоз-совхоздорунун бригадирлерин алып келип, семинар өткөрдү.

Партиянын Ош обкомунун секретары Султан Ибраимович облустун ал кездеги 17 районунун биринчи катчыларынын аткаруу комитеттеринин төрагаларын алып келип, өздөштүрүлгөн жерлерди, эгин талааларын толук көрсөтүп чыккан. Бул 1976-жылдын жаз айлары эле. Семинардын жыйынтыгын чыгаруу учурунда Султан Ибраимович Бүргөндү чөлкөмүн өздөштүрүү үчүн 4-5 жылдан бери аракеттер жасалганын, бул түздүктө 30 миң гектардан ашык дың жер бар экенин, эгер ал толук өздөштүрүлсө элибиздин жыргалчылдыгы үчүн жакшы болоорун айтып келип, ар бир район бул үчүн салым кошуу керек экендигин белгиледи. Башкача айтканда ар бир район Бүргөндү талааларына бирден заманбап талаа станы, куруп бериши керек. Муну бардык жетекчилер колдоп чыгышты. Жыйнтыгында 14 талаа станы курула турган болду. Султан Ибраимович келечекте бул жерде 5-6 колхоз-совхоз уюшула тургшанын айтканда, өзгөчө Кара Суу, Ноокен, Ноокат райондорунун биринчи катчылары колдоп чыгышты [3, 26-б.].

Бүргөндүнү өздөштүрүүгө Фрунзе райкомуна жаңыдан жетекчи болуп келген Муктар Нургазыевдин да эмгеги аябай чоң болгон. Бул киши темирдей тартипти талап кылган, ишти аягына чейин аткарган мыкты жетекчи эле. Бүргөндү өрөөнүн өздөштүрүүдөгү Муктар Нургазиевдин эмгегин унутууга болбойт.

Район боюнча пахтанын орточо түшүмү 25 центнерди түзсө, Миталипов Меймандын бригадасы өстүрүлгөн пахтанын бир гектарынан 28-30 центнерден түшүм өндүрүлгөн. Мындай ийгиликтер көп жыл кайталанган. Каарман эмгеги жогору бааланып, ага Социалисттик Эмгектин Баатыры деген жогорку наам ыйгарылган жана алтын жылдыз көкүрөгүнө тагылган.

1975-жылы Бүргөндүнүн чоң каналына суу келип, талаа иштери кескин күчөп, эгин өстүрүү, техникалык баалуу өсүмдүк болгон пахтаны өстүрүүгө мүмкүнчүлүк түзүлөт. Ошол жылы Кыргызстан КП БКнын биринчи катчысы Турдакун Усубалиев Бүргөндүгө келип, жер шарты менен таанышып чыккандан кийин: «Жериңер ысык, суу жетишээрлик болуп калыптыр. Пахта өстүргүлө» деген көрсөтмө берген. Турдакун Усубалиев Миталипов Мейманды чакыртып алып: «Эми сиз Бүргөндүгө келип пахта өстүрүүнүн устаты болуңуз» деген [3, 30-б.].

1976-жылдан баштап Бүргөндү чөлкөмүнө Кыргыз Өкмөтүнүн, жеке Турдакун Усубалиевтин көрсөтмөсү менен пахта эгүү иши жанданды. Жогор жакта сөз болгон Турдакун Усубалиевтин Бүргөндү кыштагындагы чай үстүндө болго сүйлөшүүдө бул жерге

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



пакта эгүүнү жолго коюу жөнүндөгү сөзү күн тартибинде турган. Ошондо Турдакун Усубалиев Кыргыз-Кыштак айылынын тургуну, Социалисттик Эмгектин Баатыры, айтылуу дыйкан Мейман Миталиповду чакыртып алып сүйлөшкөнү көз алдымда турат. Ошондо биринчи катчы Мейман Миталиповго: «Сиз жетекчилерге пахта эгүүнү үйрөтөсүз»деген болчу.

1976-жылдын март айында Мейман Миталиповго өздөштүрүлгөн жердин эң кумдуу, топурактуу жери пахта өстүрүү үчүн ажыратылып берилди.

Мейман аке ошол 1976-жылы 70 гектар жерге пахта өстүрдү. Карамагына эки даана «Т-28х4» маркасындагы трактор култиватору мененкошо бөлүндү. Күздө пахтанын түшүмү жакшы болуп, планын ашыгы менен аткарды. Жыл сайын план аткарылып, 1980-жылга чейин Мейман  аке пакта эгип жүрдү. Ал эми, 1981-жылы ал аянттын 40 гектарына жүгөрү экти. Мейман аке бригадасында иштеген жумушчуларга да, өзүнө да талапты койгон адам эле. Мейман акенин мындай жогору эмгеги бааланып, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине депутаттыкка шайланган. Бүргөндү совхозу жоюлганга чейин бригада башчысы болуп иштеп жүргөн Миталипов Мейман Бүргөндү совхозунун жерин өздөштүрүүгө да өз салымын кошкон инсан.

1974-жылы Бүргөндүгө Ош облустук аткаруу комитетинин төрагасы Темирбек Кудайбергенович Кошоев келди.

Жаңы кыштактын курулушу 1973-жылдын август айынан курула баштаган эле. Келээри менен жалындап күйүп жаткан ар-ар жердеги газды көрүп: «Кыштагыңардын өз аты өзүндө экен. Факель деп аталсын» деген. Бир жетекчинин жеңил колу, бир ооз сөз менен жаңы кыштак ошентип Факель деп аталып калган.

Факелде курулуш иштери башталып, күн-түн дебей тынымсыз иш башталды. Бүргөндүгө «Үч-Коргон», «Баткен» ПМКлары, Кадамжай МСОсу, УСМ сыяктуу бир нече курулуш уюмдары келип, фин Үйлөрүн Жаңы-Жер айылына куруп, 1973-жылдын кеч күзүндө адамдар үйлөргө көчүп кире башташты.  Социалдык-маданий багытта курулушту Фрунзе районунун МСОсунун куруучулары баштаган. Андан соң Баткен, Кызыл-Кыя ПМКларынын куруучулары келишкен.

Мектептер оорукана, айыл-кыштактарды куруунун күчөшү менен туш-туштан эл келип отурукташа баштаган.

Куруучулар үчүн жеңил болгон эмес. 35-40 градус ысык, үп эткен жел жок. Баш калкалаар дарак жок. Боз шыбак, бүргөн, коён томук жана кескелдирик менен чегирткенин мекени болгон Бүргөндүнү кубаттуу техника күчү мене жеңди. Керимсел шамал, батыш тараптан соккон шамал, аптап адамдардын эркин матыра албаган. 1973-74-жылдары көптөгөн үйлөр бой көтөрүп, 1975-76-жылдары көчөлөрдү экскваторлор казып, суу түтүктөрүн орнотушту. Табигый газ жеткирилди. Айтор кыштак тездик менен курулушу жүрүп, аты алыска кетти.

Эми финск тибиндеги үйлөр курулуп бүткөндөн кийин, эки квартиралуу шлак-бетондуу үйлөрдү куруу башталган.Бир эле учурда адамдар өздөрү да үйлөрүн кура баштаган. Ошентип 1973-жылдан 1980-жылга чейин үйлөр курула берген.

Бүргөндү өрөөнүн өздөштүргөндүгүнө, курулгандыгынын. 40 жылдык маарекеси республикалык деңгээлде 2015-жылы белгиленди.  Ак-Турпак айыл өкмөтүнүн башчысы А.Төралиев мындай дейт: Бүргөндүнүн ондон ашуун айылдарына жаратылыш газы таратылды.

Аймактын экономикасы өнүгүп 2003-жылга салыштырмалуу 5 эсеге өскөн. Учурда айыл аймагы дотациядан толук чыгып, өзүн-өзү каржылоого өткөн.

Өткөн жылы Республикадагы эң мыкты айыл өкмөт деп табылып, Өкмөттүн  Өтмө Кызыл Туусу менен, 3 млн. сомдук байгесин жеңип алган.

Облустун эле эмес өлкөнүн экономикасына өзгөчө үлүш кошуучу Бүргөндү Өрөөнүн өздөштүрүүнүн экинчи этабы да Алчынбай Төралиевдин тушунда жүзөгө ашырылууда.

Азыркы күндө  айыл өкмөтүнүн аймагындагы 7 мектептин барын типтүү мектептерге айлантуу иши жүгүзүлүүдө. Өрүкзар айылында 720 орундуу сметалык баасы 73 млн. сомду түзгөн 3 кабаттуу мектеп курулду. Миң-Чынарда 720 орундуу сметалык баасы 66.4 млн. сомдук мектеп курулуп, Миң-Чынар-2 айылында 100 орундуу мектеп пайдаланууга берилди. Жаш-Тилек айылында  275 орундуу мектептин курулушу кызуу жүрүүдө. Биздин келечегибизди аныктоочу жаш муундардын терең билим, татыктуу тарбия алуусуна толук шарттарды түзүү иши мындан ары да улантыла бермекчи. Жеңы-Жер айылына заманбап 240 орундуу маданият үйүн куруп, анын ачылуу аземин өткөрдүк.

Миң-Чынарда, Өрүкзарда ГСВ куруп, анын заманбап жабдуулар менен жабдып, калк саламатчылыгынын кызматына койдук. Ак-Турпакта сметалык баасы 900 миң  сомду түзгөн наркка курулду. Дүйнөлүк Банктын каржылоосу менен ички чарбалык каналдарды реаблитациялоо иши жүргүзүлүп, сыйым-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



дуулугу 1,5 метр куб болгон 10 км канал, 4 суу бөлүштүргүч, 4 көпүрө жаңыдан курулду. Бул багытта жалпысынан 50 млн. сомдук иш бүткөрүлүүдө.

Өрөөндү өнүктүрүүнүн экинчи этабына 7 млн. 200 миң доллар бөлдүрүп, жакынкы кезде эле өрөөндөгү 3,5 миң гектар жер, суулуу жерге айланат. Мен ишенемин жакынкы жылдарда Бүргөндү өрөөнү байгер, ынтымактуу жашаган кыргыздын эң ири калктуу конуштарынан болот. Бул максатка жетүү үчүн биз элибиз менен бирге бардык күч аракетибизди жумшайбыз [4].

**Адабияттар:**


1. Осмонов Ө. Кыргызстан тарыхы. - Б., 2012.
2. Ош областы. Энциклопедия. - Ф., 1980.
3. Арипов А. Гүлбакчалуу Бүргөндү Баткен. - 2006.
4. Баткен таңы. №43-44. - 2015-ж.
5. Өмүрү өрнөк инсан (Б.Примовдун 100 жылдыгына карата). - Ош, 2019.